Ч.Ажыбеков

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# РЕПОРТАЖ ЖАНРЫНЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК СТИЛИ

Журналистика илиминде кылымдар бою калыптанган практиканын аркасында жанрлар маалыматтык, аналитикалык жана көркөм-публицистикалык болуп үч топко бөлүнөт. Маалыматтык жанрга заметка, жаңылык, интервью, маек, реплика, репортаж жана отчет кирет. Журналисттик материалдарда окурмандарга таасир этүү максатына, окуяны чагылдыруу мүнөзүнө, көркөм каражаттарды колдонуусуна карап ар бир жанрдын функционалдык өзгөчөлүгү, жанрдык стили көрүнөт. Журналисттик практикада маалымат даярдагандардын барысын тең эле «репортер» деп атоо адатка айланган. Советтик чоң энциклопедияда «Репортер – бул окуялар жана көрүнүштөр тууралуу маалымат чогулткан профессионал адабий ишмер, газета-журнал, радио, телеберүү жана телеграф-маалыматтык агентствонун кызматкери» деген аныктама берилген. Журналистиканын өнүгүшү менен репортаж өз алдынча жанр катары калыптанды. Биринчиден, репортажда башка жанрларга салыштырмалуу маалыматты чагылдырууда жана аны аудиторияга жеткирүүдө кошумча көркөм каражаттары бар. Экинчиден, башка маалыматтык жанрлардагы жетишпеген мүмкүнчүлүктөр репортаждын өзөгүндө болушу анын өз алдынча жанр экендигин тастыктап турат.

Репортажда көпчүлүк учурда заметка жанрындагыдай окуяны билдирип, маалымдап коюу жетишсиз. Себеби, окурмандарга, угармандарга жана көрүүчүлөргө окуяны көрсөтүп, анын катышуучусу, күбөсү болушуна жетишүү керек. Муну адата «катышуу эффектиси» деп аташат. Маалыматты колдонуучу кандайдыр бир турмуштук абалды элестетип гана тим болбостон, аны менен аралашып, аң-сезиминде орун алат да жигердүү кабыл алуусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мындай милдеттерди ийгиликтүү түрдө репортаж жанры ишке ашырат.

Убакыттык калыпка салынган, мазмуну жагынан көлөмдүү окуялар репортаж жанрына тиешелүү стиль болуп саналат. Репортажда тема журналист күбө болгон, катышкан окуянын негизинде түзүлгөндүктөн болгон окуяны маалымдап гана койбостон аны ар тараптан көрсөтүп, өзөктүү деталдарын ачып берүү мүмкүнчүлүгү болушу керек.

Репортаждын автору натурадан картина тарткан сүрөтчү эмес. Ал ириде публицист жана материал даярдоодо саясий, тарбиялык, пропагандалык жана агитациялык милдеттерди аркалайт. Андыктан көргөн окуяны маалымдоо менен катар журналист аудиторияны бир нерсеге ишендирүү, бир нерсени далилдөө, ал аркылуу анын оюн керектүү багытка буруу жана позитивдүү нерселерди кабыл алуусуна дегдетүү милдетин коет.

Репортаж – журналист күбө болгон коомдук мааниге ээ жандуу, ачык сүрөттөлүштөгү өзөктүү окуялуу маалыматтык жанр. Күнүмдүк болуп жаткан окуялар дайыма репортердун көңүл чордонунда болушу кажет. Репортаж жанры бүгүнкү күндө ойжоруу

жанрына, проблемалуу жанрга айланды. Ошону менен бирге ал өзүнүн оперативдүүлүгүн, ачыктык жана көрсөтмөлүүлүк касиеттерин жоготкон жок. Көрсөтмөлүүлүк терең ой жүгүртүү менен, фактылардын маңызына баа берүү байкоо жүргүзүү менен, ачык сүрөттөлүш предметтик жыйынтык менен ширелишип турушу репортаждын талап кылынган шарттарына кирет. Ошону менен бирге бардык тааныпбилүү жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрдүн колдонулушу да кажет.

Репортаж – бул автордун окуяны жеке байкоосунун, аны талдап жана баалашынын көрүнүшү. Окуяны көрүп, маалымдап коюу аркылуу анын чыныгы мааниси ачылбайт. Кандай окуяны чагылдырбайлы автордон алдын ала көп күндүк даярдык талап кылынат. Ошондой эле журналисттен окуяга байкоо жүргүзгөн соң репортаждын текстин жазууга да көп эмгек талап кылынат. Албетте, репортаждын оперативдүүлүк табиятына карап дайыма эле алдын ала даярдык көрүлө бербейт. Ошентсе да көп учурда алдын ала проблема коюп, аны чечкиндүү түрдө ишке ашыруу кажет. Мындай журналисттик метод ар дайым эффективдүү жана акталган ишмердүүлүктү камсыз кылат. Репортаждын автору өзү байкаган окуяны тизмектеп маалымдай тургандыгын жогоруда белгиледик. Көпчүлүк репортаждык материалдарда автордун байкоосундагы гана фактылар маалымдалат. Башка жанрлардагыдай эле репортажда ар кыл аналогияларды, салыштырмалуу жана карама-каршы фактыларды колдонуу талапка ылайык келет.

Репортажда оор проблемалардын бири – бул чогултулган материалдарды композициялап, калыпка салуу жана уюштуруу проблемасы. Негизги эреже катары окуяны ырааты менен баяндоо колдонулушу керек. Жалпы схеманын алкагында түрдүү варианттарды колдонууга болот. Алсак, окуяны баяндоо учурунда кандайдыр чегинүүлөргө, эскерүүлөргө жол берилет. Бул окурмандарга белгилүү бир мезгил ичинде кандай өзгөрүүлөр болгондугун билип, фактыларды салыштырууга шарт түзөт. Ошону менен катар берилген маалыматты ар тараптуу талдангандыгын, мазмунунун олуттуу болушун камсыздайт.

Репортажда автордук «мен» абдан жигердүү. Көпчүлүк учурларда автор өзү тууралуу эскертпесе деле аудитория дайыма анын бар экендигин, окуянын күбөсү экендигин сезип турат. Репортажда окуя хронологиялык ырааттуулукта баяндалышы менен «күндөлүк жазуу» формасында түзүлүшү мүмкүн. Репортаж искусствосу – бул татаал искусство болуп саналат. Анда айтып жана көрсөтө билүү, теманы тактап көз караштарды аныктай алуу, күнүмдүк көйгөйлүү проблемаларды таап, анда жакшы жана тескери жактарын так ачып берүү чеберчиликтеринин болушу журналист-репортердон талап кылынат.

Репортажда фактыларды көрсөтмөлүү-сезимталдуу кылып баяндоо башкы орунда турат. Автор белгилүү фактыларды эмоционалдуу, оперативдүү түрдө кабылдап, аудиторияга алар тууралуу күбө катары баяндайт. Эгерде заметка, отчет жанрларына кыскалуулук, жыйынтыктуулук, багыттулук сыяктуу көркөм каражаттар мүнөздүү болсо, репортажга публицистикага тиешелүү бардык көркөм каражаттарды колдонууга болот. Репортаж – бул баяндоонун динамизми, көрсөтмөлүүлүк, тыкыр документалдуулук, образдуу аналитика, баяндоонун эмоционалдуу бойолгон стили, репортердун өзүнүн инсандык активдүү ролу. Мындай критерийлерди карманууу жана колдоно билүү

баяндалган окуяга кошумча ишенимдүүлүк тартуулап, баяндамачынын айтуусу боюнча гана маалыматты кабыл албастан, аудиторияны өз алдынча элестетүүгө, жыйынтык чыгарууга түртөт.

Репортажды эки планда кароого болот. Биринчи, басма сөз, радио жана телеберүү үчүн маалыматтык материалдарды чогултуу жана жайылтуу. Экинчи информациялык жанр катары окуяны, абалды жана кубулушту жеринен оперативдүү жана таасын баяндоо. Репортаждагы негизги талаптар – катышуу эффек-тиси, тактык, кошо кайгыруу.

Илимий эмгектерде репортажды максатына, багытына жана даярдалуу ыкмасына карап бир нече түргө бөлүп жүрүшөт. Алардын ичинен россиялык белгилүү окумуштуу В.Ворошиловдун классификациясы репортаждын туруктуу, калыптанып калган түрлөрүн даана берет. Ага ылайык репортажды төмөнкүдөй түрлөргө бөлсөк болот:

- проблемалуу репортаж;
- таанып-билүү репортажы;
- окуялуу репортаж.

Газета-журналдарда информациялык жанрдагы материалдар тиешелүү иллюстрациялар менен шөкөттөлөт. Иллюстрациялар текстке байланыштуу, көз каранды абалда болушу керек. Эгерде фотоматериалдар тексттен көбүрөөк абалда болсо фотоматериал же фоторепортаж деп аталат.

Россиялык окумуштуу Г.Кузнецов «ТВ-журналистика: критерии профессионализма» эмгегинде бүгүнкү күндө радиоуктуруу менен телекөр-сөтүүдө улам кеңири колдонууга ээ болуп бараткан «атайын репортаж» жанрынын маңызын ачууга жана стилдик өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракет жасаган. Г.Кузнецов стажер-студенттерден тартып про-фессионал журналисттердин эмгектерине талдоо жүргүзүп, репортаждын стилдик өзгөчөлүгүн бузган, материалдын мазмунунун ачылбай калган кемчиликтерин белгилеген. Алсак:

1. Өзөктүү идеянын дайыма эле ойлонулбагандыгы;
2. Репортаждагы көрүнүштү узакка созулган интервьюнун бузушу;
3. Так драматургиянын ойлонул-багандыгы, көрүнүштүн өнүгүү стадияларынын эске алынбагандыгы;
4. Репортаждагы сүрөттөлүш менен тексттин дал келбестиги;
5. Көрсөтүүгө болбой турган нерселерди гана сөз менен жеткирүү принцибинин сакталбашы;
6. Репортерлордун өздөрүнө ылайык ролдорду, аракеттерди ойлоп таба албагандыгы.

Репортаж жанрынын функционалдык стилин аныктоодо республикабыздагы жарык көрүп жаткан мезгилдүү басма сөздүн айрым басылмаларына талдоо жасалды.

Билим берүү министрлигинин басма сөз органы «Кутбилим» газетасынын 2002-жылдын бир жылдык топтомунда көрүнгөндөй редакциянын жамааты репортаж жанрына олуттуу көңүл бурбагандыгы көрүнүп турат. Жыл ичинде билим тармагында болуп өткөн урунттуу окуялар заметка жанрынын алкагында маалымдоо менен чектелген. Репортаж жанрынын көп чагылдырылбашы көпчүлүк басма сөз органдарында фотокорреспондент

кызматынын кыскарышы менен мүнөздөлөт. Репортерлор фото аппаратуралар менен тиешелүү деңгээлде иштей албагандыгы белгилүү. Билим берүү стандартында да фотожурналистика боюнча атайын сабактардын көлөмү кыскарган. «Кутбилим» газетасынын 2002-жылдын 28-февралындагы санында «Билимдүү миңди жыгат» деген аталышта республикалык мектеп окуучуларынын олимпиадасынан репортаж даярдалган. Материал көлөмдүү, коюлган милдеттерди журналист текст аркылуу ачууга аракет кылган. Ошондой болсо да негизги идеянын жоктугу, текст менен колдонулган фото материалдардын дал келбестиги маалыматтын оперативдүүлүгүнө, эмоционалдык маанисине көлөкө түшүрүп турат. Журналист Г.Алыбаеванын берилген сүрөттөргө «олимпиаданын катышуучуларынын толкундоолорун шаардык билим берүү башкармасынын начальниги А.Исмаилова токтотууда» деген шилтемеси окурмандарды бүдөмүк, айкын эмес ой жүгүртүүгө түртөт.

Ушул эле газетанын 27-сен-тябрдагы санында жарыяланган «Таласта билим өргөөсү тигилди» аттуу репортажда интервьюнун көлөмдүү болушу менен анын мазмуну бузулуп, кошумча иллюстрацияларды колдонууга аракет жасалган эмес.

Республикалык «Агым» газетасы репортаж жанрынын бардык түрлөрүн ар бир санында колдонот. Алсак 2006-жылдын 10-ноябрындагы санында проблемалуу да, окуялуу да репортаждын бир нече түрлөрү берилген. «Кутбилим» газетасынын айырмаланып «Агым» репортажды оперативдүү жана көрүнүктүү-эмоционалдуу чагылдырат. Ушул эле сандын 12-бетинде рекламалык материал репортаж жанрында жарыяланган. Репортаж жанрын мындай чеберчиликте колдоно билүүсү газетанын окумдуулугун арттырып, ишеним жаратаары шексиз.

Ысыккөл областтындагы регионалдык газеталар материалдык-техникалык шарттарынын начардыгынан, ошондой эле заманбап басмакананын жоктугунан көбүнесе заместка, отчет, макала, интервью жанрлары менен маалыматты таратып келишет. Оперативдүү же сенсациялуу репортаж даярдоо жокко эсе.

## Адабияттар

1. Ворошилов В.В. Журналистика. Базовый курс –СПб., 2000.
2. Богданова Н.Г., Вяземский Б.А. Справочник журналиста. –Л., 1971.
3. Голанова Е.И. Публичный диалог: коммуникативный узус и новые жанровые разновидности. –М., 1972.
4. Кузнецов Г.В. ТВ-журналистика: критерии профессионализма. –М., 2002.
5. Пронина Е.Е. Психология журналистского творчества. –М., 2003.
6. Солганик Г.Я. Автор как стилеобразующая категория публицистического текста //Вестник МГУ. Серия 10 Журналистика, 2001, № 3.
7. Телевизионный репортаж. – Бишкек, Интерньюс, 2001.
8. Нравственные принципы теле-журналистики. – Б., 2001.
9. «Кутбилим» газетасынын 2002-жылдагы жылдык топтому.
10. «Агым» газетасы, 2006, 10-ноябрь.